ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 510100-математика программасы боюнча билим берүү стандарттарын иштеп чыккан жумушчу топтун, алгебра жана геометрия кафедрасынын кеңейтилген отурумунун

# ТОКТОМУ

25-март, 2025-жыл

Төрайым: Борбоева Г.М.

Чогулуштун катчысы: Мустапакулова Ч.А.

Катышкандар: кафедра мүчөлөрү жана жумушчу топтун мүчөлөрү

Күн тартиби

1. ОшМУнун 510100-математика программасынын жогорку кесиптик (магистратура) билим берүү стандартын талкулоо.

УГУЛДУ: 1) **Г.Матиева** – алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору, 510100- математика багытынын магистратура деңгээли боюнча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун төрайымы:

- ОшМУ өзгөчө макамга ээ болуп, өз алдынча өнүгүү жолунда бир нече мүмкүнчүлүктөр берилгендиги баарыбызга белгилүү. Мындай мүмкүнчүлүктөрдүн бири – өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарынын жана талаптарынын негизинде жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн программаларын иштеп чыгуу. ОшМУ тарабынан 2023-2024 окуу жылында университет тарабынан жогорку кесиптик билим берүү боюнча стандарттарды иштеп чыгуунун макети сунушталып, ошол макеттин үстүндө жумушчу топ иш алып барды. Аталган программа боюнча (магистратура) билим берүү стандартын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлүп, буйрук чыккан. Жумушчу топ стандарттарды иштеп чыгууда бул багыттагы жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына таянды.

2) **Н.А.Сарыгулова** – алгебра жана геометрия кафедрасынын окутуучусу, 510100- математика багытынын магистратура деңгээли боюнча билим берүү стандартын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү:

- Учурда магистратура боюнча иштелип чыгылган билим берүү стандарты ОшМУнун маалымат-аналитикалык бөлүмү тарабынан техникалык кароодон өттү. Стандартта учурдагы илимдин, технологиянын, коомдун өзгөрүшүндөгү жана алардын жогорку

кесиптик билим берүүгө койгон талаптары эске алынды. Стандартта төмөндөгү талаптар иштелип чыгылды:

-негизги билим берүү программасын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга талаптар;

-практиканы уюштурууга коюлган талаптар;

-жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга талаптар.

2) **Ч.А.Мустапакулова** – алгебра жана геометрия кафедрасынын ага окутуучусу, 510100- математика багытынын магистратура деңгээли боюнча билим берүү стандартын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү:

-ЖКББнын магистрдик билим берүү программасынын мамлекеттик билим берүү стандартындагы илимий-изилдөөчүлүк, өндүрүштүк-технологиялык, уюштуруу-башкаруучулук, окутуучулук компотенциялар жумушчу топтун талкуусунун негизинде жаңыланды.

Стандарттарды жогоруда аталган бөлүмгө бир нече жолу жөнөтүп, алар берген сунуш-пикирлери эске алынып, жакшыртылды.

**4)Г.Матиева:**

- 510100-математика программасынын магистратура деңгээли боюнча иштелип чыккан стандарттарды институттун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна сунуштайт элем.

**5)Г.М.Борбоева** – алгебра жана геометрия кафедрасынын башчысы, 510100-математика багытынын магистратура деңгээли боюнча программа жетекчиси:

- Мен аталган программа боюнча иштелип чыккан билим берүү стандарты менен дыккат таанышып чыккам. Сунуштарымы бергенмин, алар да эске алынган. Компетенциялар жаңыланган, жогоруда көрсөтүлгөн талаптар да ийине келтирилген деп айтууга болот. Магистратура деңгээлинин компетенцияларын иштеп чыгууда жогорку кесиптик билим берүүдө адистерди деңгээлдер боюнча даярдоонун улануучулук принциби эске алынган. Мен да жогоруда эжеке айткан сунушту колдойм.

Жогорудагы билдирүүлөрдөн кийин кафедра мүчөлөрү жана жумушчу топтун мүчөлөрү төмөндөгүдөй чечим кабыл алышты:

1. 510100-математика программасынын жогорку кесиптик (магистратура) билим берүү стандарты жактырылсын;
2. Кафедранын чечими МФТИТ институнун окумуштуулар кеңешинде кароого сунушталсын.

Чогулуштун төрайымы: Борбоева Г.М.

Мустапакулова Ч.А.

Чогулуштун катчысы:

**Каттоо барагы**

| № | Аты-жөнү | Колу |
|---|---|---|
| 1 | Борбоева Г.М. | |
| 2 | Матиева Г. | |
| 3 | Селиванова Н.С. | |
| 4 | Каныбекова Н.К. | |
| 5 | Мустапакулова Ч.А. | |
| 6 | Омурзакова Г.А. | |
| 7 | Папиева Т.М. | |
| 8 | Сарыгулова Н.А. | |
| 9 | Курбанбаева | |
| 10 | Исакова В.Т. | Онлайн |
| 11 | Маматова А. | Онлайн |
| 12 | Акылбек уулу Н. | Онлайн |
| 13 | Мамасидиков Э. | Онлайн |
| 14 | Абдуллаева Ч.Х. | Онлайн |
| 15 | Канетов Б.Э. | Онлайн |
| 16 | Касымова Т.Д. | Онлайн |
| 17 | Халматов А.А. | Онлайн |
| 18 | Микеш Й. | Онлайн |
| 19 | Исмаилов Ш. | Онлайн |
| 20 | Султанов А. | Онлайн |
| 21 | Эргашева Р. | Онлайн |
| 22 | Аттокурова Ч.А. | Онлайн |
| 23 | | |